UNODC
Управление Организации Объединенных Наций
по наркотикам и преступности
Программный офис в Кыргызской Республике

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ МАМЛЕКЕТТИК
СОТТУК ЭКСПЕРТТИК КЫЗМАТЫ
Лингвистикалык, дин таануу жана психологиялык экспертизалар башкармалыгы



Экстремизмге жана терроризмге байланыштуу иштерде соттук экспертизаларды дайындоонун жана жүргүзүүнүн маселелери боюнча укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлери үчүн

# КОЛДОНМО

Бишкек 2021

УДК 347.9
ББК 67.99(2)90
Э 41

Башкы редактор:

А.О. Кулматов, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматынын лингвистикалык, дин таануу жана психологиялык экспертизалар башкармалыгынын башчысы.

Түзүүчү авторлор:

Е.А. Колтунова, лингвист, ф.и.к. (лингвистика багыты), Н.И.Лобачевский атындагы Нижегородск мамлекеттик университетинин филология и журналистика институтунун теоретикалык жана колдонмо лингвистика кафедрасынын доценти.
С.В. Давыдов, психолог, п.и.к. Н.И.Лобачевский атындагы Нижегородск мамлекеттик университетинин жалпы жана социалдык психология кафедрасынын доценти.
И.Ш. дин таануучу, дин таануу боюнча изилдөөлөр борборунун жетекчиси, Кыргыз-Орус (Славян) Университетинин ЮНЕСКОнун дүйнөлүк маданиятты жана диндерди окуп-үйрөнүү кафедрасынын ага окутуучусу.

Рецензенттер:

А.Я. Бит-Аврагим, Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын улук прокурору.
З.Х. Курбанов, адвокат.

---

Э 41 **Экстремизмге жана терроризмге байланыштуу иштерде соттук экспертизаларды дайындоонун жана жүргүзүүнүн маселелери боюнча укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлери үчүн КОЛДОНМО** // А.О. Кулматовдун жалпы редакторлугу астында – Бишкек: 2021 – 30 б.

ISBN 978-9967-11-740-2

Ушул Колдонмо Кыргыз Республикасында соттук экспертизаларды дайындоонун маселелери боюнча укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлерине практикалык жардам максатында иштелип чыкты. Колдонмодо расалык, этникалык, улуттук, диний же аймактар аралык кастыкты козутууга, динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук) же тилге тиешелүүлүгү боюнча жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого байланыштуу иштерде экспертиза дайындоо боюнча сунуштамалар берилет.
Экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүккө чакырыктардын жана аракеттердин, ошондой эле ар кандай негизде кастыкты козутууга чакырыктардын, үндөөлөрдүн жана башка аракеттердин лингвистикалык, диний жана психологиялык белгилери каралат.

Бул Колдонмо Бириккен Улуттар Уюмунун баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча Башкармалыгынын Борбордук Азия мамлекеттери үчүн 2015 – 2021–жылдарга Программасынын, БУУнун Тынчтыкты орнотуу Фондунун Кылмыш иштеринде сот акыйкаттыгы, кылмыштын жана коррупциянын алдын алуунун 2-программасынын алкагында даярдалды.

UNODC
Управление Организации Объединенных Наций
по наркотикам и преступности
Программный офис в Кыргызской Республике

ООН
Миростроительство
Сохранения мира

ЭСКЕРТҮҮ

Ушул Колдонмонун мазмуну БУУнун баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча Башкармалыгынын (БУУ БКБ) же ага көмөктөшкөн уюмдардын пикирин же саясатын милдеттүү чагылдырбайт жана алардын кубаттоосун билдирбейт. Ушул басылмадагы колдонулган маалыматтар жана баяндалган материалдар БУУнун баңгизаттар жана кылмыштуулук боюнча Башкармалыгынын кайсы бир өлкөнүн, аймактын же калктуу конуштун, же тиешелүү өкмөттүн укуктук статусуна карата пикирин, ошондой эле чек аралардын делимитациясы тууралуу көз карашын билдирбейт.

www.unodc.org

ISBN 978-9967-11-740-2 УДК 347.9
ББК 67.99(2)90

# МАЗМУНУ

КИРИШҮҮ ........ 37
I. Экспертиза далилдөөнүн каражаты катары ........ 39
1.1. Экспертиза түшүнүгү жана анын типтери ........ 39
1.2. Кыргыз Республикасынын экстремизм жана терроризмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү мыйзамдары менен аныкталган негизги түшүнүктөр ........ 41
1.3. Экстремизмдин белгилерин аныктоо боюнча экспертизанын түрлөрү ........ 43
1.4. Соттук психологиялык, лингвистикалык жана дин таануу экспертизаларынын объектилери ........ 44
1.5. Эксперттин чечүүгө тийиш милдеттери жана коюлуучу болжолдуу суроолор ........ 46
II. Психологиялык, лингвистикалык экспертизанын айкындыгы, аныктыгы жана ишенимдүүлүгү ........ 51
2.1. Эксперттин компетенциясы ........ 51
2.2. Экспертизаны жол-жоболоштурууга талаптар ........ 55
2.3. Экспертиза дайындоодогу мүнөздүү каталар ........ 57
АДАБИЯТТАР ........ 61

# КИРИШҮҮ

Экстремисттик багыттагы иштер боюнча соттук экспертизаларга региондо суроо-талап өтө күчтүү, бирок азыркы учурда мындай изилдөөлөрдү жүргүзүүнүн методологиясы азыраак иштелип чыккан. Тиешелүү тармактын эксперттеринин, анын ичинде лингвисттердин, психологдордун, юристтердин бул багыттагы аракеттери экстремисттик иштер боюнча экспертизанын илимий-методологиялык негиздерин жакшыртууга өбөлгө түздү.[1]

Кыргыз Республикасында экстремизмге байланыштуу иштердин материалдарына дин таануу, теологиялык жана политологиялык экспертиза бир топ убактан бери  жүргүзүлүп келген. Бирок методологиялык база жана жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн сапатына талаптар жетишсиз болгон. Кыргыз Республикасынын “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” Мыйзамы соттук процесстерде далилдер базасын калыптандырууга жана соттук-эксперттик иштин өнүгүшүнө карай олуттуу кадам болду. Ушул Мыйзамга ылайык, эксперттик изилдөө так түзүмгө, формага жана мазмунга ээ болуп, талаштуу материалды талдоонун жүрүшүн жана анализдин жыйынтыктарын камтууга тийиш (Мыйзамдын 32-беренеси. Соттук эксперттин корутундусунун тууралыгынын жана калыстыгынын кепилдиги). Андан тышкары, дин таануу жана комплекстүү психологиялык-лингвистикалык экспертизасын жүргүзүүнүн усулдук Колдонмосунун иштелип чыгышы Кыргыз Республикасында экспертизанын теориясынын жана практикасынын өнүгүшүнүн маанилүү этабы болуп калды.[2]

Бүгүн, көз карандысыз жалпыга маалымдоо каражаттарынын пайда болушу менен экспертизанын аталган түрүн андан ары жакшыртуу зарылчылыгы актуалдуу бойдон калууда. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын (анын ичинде Интернеттин) тексттеринин ресурстарын пайдалануу учурдун курч жана талаштуу проблемасы. Публицистикалык стилдин принциптерин, каражаттарын жана бай ыкмаларын колдонуп, авторлор мыкты публицистика менен келишкис сын-пикирди ушактан, каралоодон, адамдын ар-намысын басмырлоодон, экстремисттик маанайдагы сөздөрдөн, диний, этностук, аймактык же социалдык тиешелүүлүк белгиси боюнча кастык сезимин калыптандыруудан бөлүп турган чектен ашып кеткен учурлар сейрек эмес.

Кыргыз Республикасынын Президентинин өлкөнүн укук коргоо органдарынын системасын реформалоо чаралары жөнүндө Жарлыгын ишке ашыруунун алкагында Өкмөт 2017-жылдын июль айында Соттук экспертизалардын мамлекеттик борборун башка мамлекеттик органдардын эксперттик лабораторияларын бириктирген Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматын түзгөн[3]. КРнын Өкмөтүнө

[1] Расалык, улуттук жана диний кастыкты козутуу боюнча иштерде жана материалдарда атайы билимдерди колдонуу тууралуу - М.,1999; Типовая методика лингвистической экспертизы. М.: ЭКЦ МВД России, 2009. Кукушкина О.В., Сафонова Ю.А., Секераж Т.Н. Теоретические и методические основы судебной  психолого-лингвистической экспертизы текстов по делам, связанным с противодействием экстремизму  –М.: ФБУ РФЦСЭ при Минюсте России, 2011; Кукушкина О.В. Сафонова Ю.А., Секераж Т.Н. Методика проведения судебной  психолого-лингвистической экспертизы материалов по делам, связанным с противодействием экстремизму  и терроризму – М.: ФБУ РФЦСЭ при Минюсте России, 2014.

[2] Методическое руководство по проведению религиоведческой и комплексной судебной психолого-лингвистической экспертизы в Кыргызской Республике// Государственный центр судебных экспертиз при Министерстве юстиции Кыргызской Республики.- Бишкек, 2017.


[3] КР Өкмөтүнүн “Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик соттук-эксперттик кызматын түзүү жөнүндө”  2017 жылдын 14-июлундагы № 432 Токтому.

караштуу соттук-эксперттик кызматында лингвистикалык, дин таануу жана психологиялык экспертизалар башкармалыгы уюштурлду жана иштеп жатат, бул эксперттик ишти оптималдаштырууга өбөлгө түздү. Бирок азыркы учурда да экстремисттик жана террористтик кылмыш иштерине байланыштуу экспертизанын сапатын жакшыртуу маселеси актуалдуу бойдон калууда.

Ушул колдонмо Кыргыз Республикасында соттук экспертизаларды дайындоо маселелери боюнча укук коргоо жана сот органдарына практикалык жардам көрсөтүү максатында иштелип чыкты. Колдонмодо расалык, этностук, диний, аймактык кастыкты козутууга жана динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), аймакка же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого байланыштуу иштердин материалдарына экспертиза дайындоо боюнча сунуштамалар берилет. Экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүккө чакырыктардын жана ар кандай негиздерден улам жарандарды кастыкка багыттоолордун, үндөөлөрдүн психологиялык, лингвистикалык жана дин таануучулук белгилери тууралуу маалымат берилет.

Андан тышкары, экстремисттик жана террористтик ишмердүүлүктү, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик коопсуздугуна коркунуч келтирген аракеттерди негиздөө жана актоо менен байланышкан эксперттик проблемалар талдоого алынды. Тергөөгө жана соттук териштирүүгө жардам катары КРнын Жазык Кодексинин 196, 239, 242, 264.3, 310, 313, 385-беренелеринин жана КРнын “Экстремисттик ишмердүүлүккө каршылык көрсөтүү жөнүндө” Мыйзамынын (мындан ары – ЭИКК жөнүндө Мыйзам) диспозициясына кирген типтүү суроолор баяндалат.

Колдонмодо экстремизм жана терроризм менен байланышкан кылмыш иштеринин материалдары боюнча соттук экспертизаларды дайындоонун тартиби жана жүргүзүүнүн эрежелеринин кыскача түшүндүрмөлөрү, ошондой эле материалдарды экспертизага даярдоонун жана тапшыруунун методикалык сунуштамалары берилген. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында (Жазык-процесстик Кодексинин 24-главасы, Жарандык процесстик Кодекстин 8-главасы жана “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” Мыйзамы) соттук экспертизаны дайындоодо жана жүргүзүү учурундагы процессуалдык аракеттер толук жазылганына карабастан, экстремизмге жана терроризмге байланыштуу иштер боюнча соттук экспертизаларды жүргүзүүнүн тажрыйбасы көрсөткөндөй, аларды дайындоодо, уюштурууда жана жүргүзүүдө системалуу проблемалар бар.



# I. ЭКСПЕРТИЗА ДАЛИЛДӨӨНҮН КАРАЖАТЫ КАТАРЫ

## 1.1. ЭКСПЕРТИЗА ТҮШҮНҮГҮ ЖАНА АНЫН ТИПТЕРИ

» **Экспертиза** (латын тилинен «expertus» - тажрыйбалуу, билимдүү) – чечилиши кесипкөй изилдөөнү жана тигил же бул чөйрөдө (лингвистика, криминалистика, искусство) атайы билимдерди талап кылган суроолордун адис (эксперт) же адистердин тобу тарабынан изилдениши. ЖПК 171-беренесинин 1-пунктуна ылайык, “Экспертиза иш үчүн мааниге ээ болгон жагдайлар илимге таянган атайын билимдердин негизинде, эксперт тарабынан жүргүзүлгөн материалдарды изилдөөнүн натыйжасында аныкталышы мүмкүн болгон учурларда дайындалат”. Эксперттик изилдөө эксперттин негизделген корутундусу менен жол-жоболоштурулат, анда изилдөөнүн жүрүшү баяндалып, коюлган суроолорго жооптор берилет.

Экспертизалардын типологиясы ар түрдүү жана төмөндөгүдөй негиздерге жараша ажыратылат:

» **(1) Укуктук статусу боюнча** – соттук жана соттук эмес экспертиза. Изилдөөлөр методикасы жана сапаты боюнча бирдей болушу ыктымал. Аларды “соттук” деген аныктама гана айырмалап турат. Анткени соттук экспертиза сот өндүрүшүнүн максаттары үчүн ченемдик укуктук актылардын алкагында жүргүзүлөт.

» ***Соттук экспертиза*** – жазык, жарандык жана администрациялык иштер боюнча далилдөөгө жаткан жагдайларды аныктоо максатында эксперттин алдына коюлган илим, техника, искусство же өнөрчүлүк жаатында атайын билимдерди талап кылган, сот, тергөөчү тарабынан кылмыш, жарандык (анын ичинде экономикалык жана административдик иштер) иштер, жоруктар жана укук бузууларга байланыштуу иштер боюнча далилденүүгө тийиш жагдайларды аныктоо максатында коюлган маселелер боюнча эксперт тарабынан изилдөөлөрдү жүргүзүүнү жана корутунду берүүнү камтыган процесстик аракет.[4]

[4] Караңыз.: «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» Мыйзамдын 2-беренеси – http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/203908.

"Соттук" деген аныктама экспертизанын өзгөчө процесстик статусун билдирет. Бул статус мындай экспертизаны дайындоонун өзгөчө тартибин, аны дайындай жана жүргүзө ала турган субъектилердин так тизмегин, алардын укуктарын, милдеттерин жана жоопкерчиликтерин даана белгилейт.

Соттук экспертизаны сот (соттук териштирүү убагында жеке өзү, доогердин, жоопкердин, жактоочунун же айыптоочунун өтүнүчү менен), тергөөчү судья, териштирүүчү орган, териштирүүчү жүргүзгөн адам же тергөөчү (тергөө убагында) дайындайт; кылмыш иштерин тергөө стадиясында же жазык, жарандык жана жоруктар менен бузуулар боюнча иштердин алкагында соттук териштирүүлөр стадиясында дайындалат. Соттук экспертиза бул жөн гана изилдөө эмес, мыйзамдар (Жазык Кодекси, Жазык-процесстик Кодекс, Жарандык процесстик Кодекс, соттук-эксперттик жөнүндө Мыйзам) жана башка тиешелүү ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынуучу процесстик аракет. Соттук эксперт алдын ала билип туруп жалган корутунду бергендиги үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылат, ал эми эксперттин корутундусу каралып же тергелип жаткан иште далил болот алат. Ал тургай лингвистикалык, психологиялык же дин таануу боюнча соттук экспертизанын жыйынтыгы экстремизмге же терроризмге байланыштуу айрым иштерде негизги далилдердин бири болушу болушу ыктымал.

» ***Соттук эмес экспертиза*** – талаштуу кырдаалдарды чечүү, керектүү фактыларды жана жагдайларды аныктоо максатында укук субъекттеринин ортосунда келип чыккан суроолорду чечүү үчүн илим, техника, искусство же өнөрчүлүк жаатында атайын билимдерге ээ адистин изилдөөсү. Соттук эмес экспертиза сот өндүрүшү же тергөө аракеттери менен байланыштуу эмес, ал жарандык укуктук мамилелер чөйрөсүндө колдонулат. Бирок соттук эмес экспертизанын жүрүшүндө же натыйжасында пайда болгон жагдайлар жана фактылар жетиштүү болсо соттук териштирүүлөргө же кылмыш ишин козгоого негиз болушу да мүмкүн. Соттук эмес экспертиза өзгөчө укуктук статуска ээ эмес, аны ар бир физикалык же юридикалык жак дайындай алат, ал эми аны жүргүзүүнүн тартиби эркин мүнөзгө ээ. Эреже катары, соттук эмес экспертизаны көз каранды эмес эксперттик уюмдар же мамлекеттик эмес эксперттер акысына жүргүзөт. Соттук экспертизадан айырмаланып, соттук эмес экспертизаны жүргүзгөн адис жалган корутунду үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартылбайт. Жаңылыш корутундусу же бүтүмү үчүн соттук эмес эксперт ошол жаңылыштыктан жабыркаган тараптын материалдык жана моралдык чыгымдарынын ордун толтуруу аркылуу жарандык-укуктук жоопкерчилик тартат.

» **(2) Жүргүзүүнүн ирети боюнча** – баштапкы жана кайталанган экспертизалар.

Баштапкы экспертиза – белгилүү бир объектиге карата жана жаралган суроолорду чечүү үчүн биринчи жолу жүргүзүлгөн экспертиза. Бул жерде баштапкы экспертиза негизги жана кошумча экспертиза дагы боло алат, себеби конкреттүү алынган объект боюнча бул изилдөөнүн алкагында чечилген суроолордун уникалдуулугу экспертизанын баштапкылыгын көрсөткөн негизги критерий болуп эсептелет. Кайталанган экспертиза - мурдагы соттук экспертизанын натыйжалары боюнча соттук эксперттин корутутундусунун тууралыгына негиздүү шектенүүлөр пайда болгон же мурдагы соттук экспертизаны жүргүзүүнүн процесстик ченемдери бузулган учурларда өткөрүлүүчү соттук экспертиза. Экспертизаларды

баштапкы же кайталанган деп аныктоодо, конкреттүү объекттер боюнча соттук эмес экспертизалардын (изилдөөлөрдүн) алкагында чечилүүсү керек болгон суроолор соттук экспертизаларда дагы кайталанышы мүмкүн экендигин эске алуу керек. Бул учурда соттук экспертизалар кайталанма катары каралбайт, анткени алар өзгөчө процесстик макамга ээ жана өзүнүн негизги же баштапкы экспертизалары менен бир укуктук талаада турган экспертизалар гана кошумча же кайталанган экспертизалар боло алат.

» **(3) Эксперттердин саны жана курамы боюнча** – жеке жана комиссиялык, бир түрдүү жана комплекстүү. Жекече экспертиза атайын билимдерге ээ бир эле адам тарабынан жүргүзүлөт. Комиссиялык экспертиза – бул бир адистиктеги (же атайы адистешкен) бир нече эксперт тарабынан жүргүзүлгөн экспертиза. Бир түрдүү экспертиза илимдин бир тармагынын, комплекстүү экспертиза ар түрдүү адистиктин (илимдин тармактарынын) өкүлдөрү тарабынан жүргүзүлөт.

» **(4) Милдеттери боюнча** – идентификациялабоочу жана идентификациялоочу. Идентификациялабоочу экспертизалар диагностикалык, классификациялык, кырдаалдык, реконструкциялык болушат. Идентификациялоочу экспертизалар – топтук тиешелүүлүгүн аныктоо жана окшоштугун аныктоо.

» **(5) Субъекттер боюнча** – мамлекеттик жана мамлекеттик эмес соттук-эксперттик уюмдар же өз алдынча соттук эксперттер тарабынан жүргүзүлөт.

» **(6) Атайын билимдерди колдонуунун мүнөзү боюнча** – криминалистикалык, медициналык жана психофизиологиялык, инженердик-техникалык, инженердик-транспорттук, инженердик-технологиялык, экономикалык, айыл-чарбалык, биологиялык экспертизалар, жер кыртышын изилдөө, экологиялык, искусство таануу, тамак-аш азыктарынын экспертизасы ж.б.

## 1.2. КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЭКСТРЕМИЗМ ЖАНА ТЕРРОРИЗМГЕ КАРШЫ АРАКЕТТЕНҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ МЫЙЗАМДАРЫ МЕНЕН АНЫКТАЛГАН НЕГИЗГИ ТҮШҮНҮКТӨР

Экстремисттик жана террористтик багыттагы кылмыштардын курамы негизинен кылмыштуулук тууралуу мыйзамдын эки бөлүгүндө топтоштурулган: коомдук коопсуздукка каршы кылмыштар жана конституциялык түзүлүшкө жана коопсуздукка каршы кылмыштар.

Анализденген 21 кылмыштын 9 курамы жигердүү (активдүү) аракет – жазуу же оозеки түрүндө вербал формада ишке ашат. Кодексте жана мыйзамдарда белгиленген кылмыштардын объективдүү жагдайлары *коркунуч, коркутуу, коомдук мүнөздөгү чакырыктар, кастыкты (араздашууну) козгоо, ар-намысын кемсинтүү, басынтуу, экстремисттик материалдарды жайылтуу (таркатуу), терроризмди актоо жана даңазалоо* жана башка ушу сыяктуу сөздөр жана сөз айкаштары аркылуу сыпаатталган. Эл аралык жана улуттук мыйзамдарда экс-

тремизм түшүнүгүнүн так эместигине байланыштуу, Кыргыз Республикасынын "Экстремизмге каршылык көрсөтүү жөнүндө" Мыйзамында экстремизм менен экстремисттик ишмердүүлүк окшош мааниге ээ, бирдей түшүнүктөр катары эсептелип, 1-беренеде экстремисттик ишмердүүлүктүн формаларынын жана белгилеринин толук тизмеги берилген:

- 1) коомдук бирикмелердин же диний уюмдардын, менчигинин түрүнө карабастан, дагы башка ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарынын же жеке адамдардын төмөндөгүлөрдү пландаштырууга, уюштурууга, даярдоого жана ишке ашырууга багытталган аракеттери:

  – Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүнүн негиздерин күчкө салып өзгөртүү жана бүтүндүгүн бузууга;

  – Кыргыз Республикасынын коопсуздугун бузууга;

  – бийликтин ыйгарым укуктарын тартып алуута же ээлеп алууга;

  – мыйзамсыз куралдуу түзүлүштөрүн түзүүгө;

  – террористтик аракеттерди жүзөгө ашырууга;

  – расалык, улуттук (этностор аралык) же диний араздашууларды козутууга, ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык араздашууларды козутууга;

  – улуттук ар-намысты кемсинтүүгө;

  – идеологиялык, саясий, расалык, улуттук (этностук) жүйөлөр же диний жек көрүү, ошондой эле ошого тете кандайдыр бир социалдык топторго карата жек көрүү жүйөлөрү боюнча же душмандык кылып массалык тополоңдорду, ээнбаштык аракеттерди жасоого, уурдап, талап-тоноого;

  – динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), диний же тилге тиешелүүлүгү жагынан жарандардын өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоого;

- 2) нацисттик атрибутиканы же символиканы же болбосо нацисттик атрибутикага же символикага аралашуу деңгээлине чейин окшош болгон атрибутиканы же символиканы пропагандалоого жана эл алдында көрсөтүүгө;


- 2-1) экстремисттик уюмдардын атрибутикаларын же символикаларын пропагандалоого;

- 3) аталган аракеттерди жасоого элди үндөөгө же аталган аракеттерди жасоого чакыруу;

- 4) аталган аракеттерди каржылоо же аны жасоого көмөк көрсөтүү же аталган аракеттерди жасоого, анын ичинде аталган аракеттерди жасаганга финансы каражаттарын, кыймылсыз мүлктү, окуу, полиграфиялык жана материалдык-техникалык базаны, телефон, факсимилдик жана байланыштын башка түрлөрүн берүү, маалымдоо кызматтарын көрсөтүү, дагы башка материалдык-техникалык каражаттарды берүү;

Мыйзамда көрсөтүлгөн экстремисттик ишмердүүлүктүн түрдүү формалары экстремизмдин белгилерин аныктоодо кыйынчылык жаратышы ыктымал. Ушул

кыйынчылыктар сот жана тергөө органдары тарабынан экстремизмдин же терроризмдин белгилерин, мисалы, кептик акт аркылуу ишке ашкан кылмыштарды аныктоо боюнча экспертизанын түрүн туура тандоодо проблемаларды пайда кылат.[5] Субъективдүү жактан экстремисттик же террористтик кылмыштар атайы жасалат, демек алдын ала ниет болууга тийиш. Бирок андай ниет бар же жок экендиги, маанисин түшүнөөрү же түшүнбөстүгү белгисиз учурларда адресаттын ниетин, максатын аныктоо же айтылган/жазылган кептин таасирин баалоо укук колдонуучу үчүн да, эксперт үчүн да проблемалуу, талаштуу маселе.



## 1.3. ЭКСТРЕМИЗМДИН БЕЛГИЛЕРИН АНЫКТОО БОЮНЧА ЭКСПЕРТИЗАНЫН ТҮРЛӨРҮ

Экстремисттик маанини аныктоо үчүн анализденүүчү талаштуу тексттер эреже катары **лингвистикалык, дин таануучу жана психологиялык комплекстүү экспертизага** муктаж. Тексттин түрүнө, жанрына жана маани-мазмундук өзгөчөлүгүнө жараша комплекстүү экспертизаны жүргүзө турган комиссиянын курамына дин таануучулар, социологдор, саясат таануучулар же культурологдор (маданият таануучулар) кириши мүмкүн. Бул басылмада дин таануу компоненти бар комплекстүү психологиялык-лингвистикалык экспертизанын өзгөчөлүктөрү кеңири баяндалган.

Бир түрдүү экспертиза илимдин бир гана тармагынын өкүлдөрү аркылуу жүргүзүлсө, комплекстүү экспертиза илимдин ар кайсы тармагынын адистери тарабынан жүргүзүлөт. Комплекстүү экспертиза жүргүзүүнүн эрежелери жана талаптары Кыргыз Республикасынын Жарандык-процесстик Кодексинин 181-беренесинде так жазылган.

Комплекстүү психологиялык-лингвистикалык экспертизанын зарылчылыгы ар кандай кептик актынын/чыгарманын жаралышы комплекстүү ишмердүүлүк-

[5] Караңыз.: Вербальное преступление – речедеятельностный процесс, реализующийся в социальных / асоциальных ситуациях общения и посягающий на те или иные общественные отношения. (Рылова В.Е. Категории вербальных преступлений в УК РФ // Юрислингвистика. 2014. № 3. –24-б.)

түн натыйжасы экендигине байланыштуу. Экинчиден, ар бир кептик акт, оозеки же жазуу жүзүндөгү тексттин же/жана аны коштогон иллюстрациялардын кабыл алынышы жана таасир этүү деңгээли бир гана лингвистика менен чектелбестен, психологиялык анализди талап кылат. Андан тышкары, бир эле маанини билдирүү каражаттарынын жана ыкмаларынын көп түрдүүлүгү: бир эле маани эксплициттүү (ачык, айкын, даана) же имплициттүү (жабык, көмүскө, тымызын), пресуппозиция[6] же инференция[7] жолу аркылуу, карандай текст же креолдошкон тексттер (көркөм, видео-аудио же сүрөттөмөлөрдүн коштоосунда, интернет белгилер ж.б.) жардамы менен билдирилиши, берилиши мүмкүн.

Ошондуктан тигил же бул тексттин маанисин талдоо жана ошол тексттин мазмунундагы мыйзам менен тыюу салынган экстремисттик маанайды аныктоо көп учурда атайын билимди талап кылат. *Лингвистикалык* методдор аркылуу материалдын мазмунун, маанисин ачып берүүгө болот. *Психологиялык анализ* автордун жана кептик актынын максатын, коомдук маанисин, айтылган кептин же жазылган тексттин адресатка/аудиторияга таасирин аныктоого жол ачат. Ошентип лингвистикалык жана психологиялык анализ материалга укуктук баа берүүгө объективдүү негиз боло алат[8]. Эгер диний маанидеги материал болсо же берилген материал диний терминологияны, метафораларды, түшүнүктөрдү камтыса, анда *дин таануу изилдөөсү* талап кылынат.



## 1.4. ПСИХОЛОГИЯЛЫК, ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЖАНА ДИН ТААНУУ ЭКСПЕРТИЗАЛАРЫНЫН ОБЪЕКТИЛЕРИ

» Психологиялык, лингвистикалык жана дин таануу экспертизаларынын *объектилери* болуп изилдөөгө берилген ишке тике тиешелүү тексттер, кеп, дискурс, сүрөттөр, символдор, атрибутика жана башка белгилер эсептелет:

[6] Пресуппозиция – это необходимый семантический компонент высказывания, обеспечивающий наличие смысла в утверждении, это предварительное, фоновое знание, необязательно выраженное словесно, однако без него невозможно адекватно воспринять текст.

[7] Инференция – это выводное знание, полученное в процессе обработки информации/ языка и само выводное знание, умозаключение.

[8] Кукушкина О.В., Сафонова Ю.А., Секераж Т.Н. Методика проведения судебной психолого-лингвистической экспертизы материалов по делам, связанным с противодействием экстремизму и терроризму. / ФБУ РФ ЦСЭ при Министерстве юстиции Российской Федерации. М., 2014,с.11.

– заманбап полиграфиянын жардамы менен басылган жана жарыяланган тексттер, китептер, брошюралар ж.б. басылмалар;

– мезгилдүү массалык маалымат каражаттарындагы, электрондук маалымат каражаттарындагы (гезиттердеги, журналдардагы, интернет-ресурстарындагы макалалар, репортаждар, кабарлар, посттор, комментарийлер, баяндамалар жана башка) материалдар;

– конкреттүү топко, инсанга же башка аудиторияга баракча жана плакат түрүндөгү кайрылуулар;

– мамлекеттик, коммерциялык же башка телеканалдардагы, адистешкен же ар кандай аудио-видеостудияларда даярдалган аудио-, видеожазуулар;

– компьютердеги, телефондогу, дисктердеги, флеш-карталардагы жана башка электрондук санариптик каражаттардагы тексттер;

– конкреттүү инсандарга же алардын тобуна жазуу, оозеки түрдө кайрылуулар, жиберилген маалыматтар, кабарлар;

– талаш кырдаалдардагы айрым кептик аракеттер;

– экспертиза дайындаган жактын, органдын токтомундагы же аныктамасындагы изилденүүгө берилген материалдын мазмуну;

– талаш жараткан кырдаалга байланыштуу процессуалдык аракеттер боюнча кол жазмалар, документтер, протоколдор, стенографиялык жазмалар ж.б.у.с. документтер, оозеки же жазма материалдар;

– изилдөөгө берилген материалдарга карата коштомо документация, аудио-, кино-, видеоматериалдар жана алардын статусу тууралуу маалымдар ( маалымат булагы, жарыяланган, алынган, берилген жайы жана убактысы, объектинин түп нускасы же көчүрмө экендиги жөнүндө маалымат).

» Экспертизага берилүүчү материалдарга карата талаптар:

– экспертиза дайындоо жөнүндө токтом же аныктама коштомо кат менен жиберилет. Коштомо катта реквизиттер, тиркелген материалдар көрсөтүлүүгө тийиш;

– экспертизанын объектиси болгон предметтер жана документтер;

– салыштырма изилдөө үчүн материалдар жана экспертизанын предметине тиешелүү маалыматтарды камтыган документтер;

– экспертиза жүргүзүүгө мааниси бар башка материалдар;

– экспертиза дайындаган адамдын фамилиясы, аты, атасынын аты, кызматы;

– эгер изилдөөнүн объектиси жазуу жүзүндөгү текст болсо, тексттин түп нускасы же анын мыйзам чегинде күбөлөндүргөн көчүрмөсү, жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыяланган материалдардын ксерокөчүрмөсү

жарыялангандыгы тууралуу идентификациялоочу маалыматтар менен кошо берилүүгө тийиш (мисалы, “....” гезити № 111, 22-август, 2019-ж.,).

Эгер изилдөөнүн объектиси оозеки текст болсо (митингдеги, жыйындагы сөз, интервью же аудио- видеого жазылган кайрылуу ж.б.) тексттин фонограммасы же аудио-видеожазуу түшүрүлгөн электрондук жазма (флешка, диск ж.б.) чапталган жана мөөр басылган конвертке салынып, каралып жаткан иштин материалдары менен чогуу берилиши керек. Изилдөөгө фонограмманын же аудио-видеожазуунун көчүрмөсү берилсе, ал токтомдо (аныктамада) көрсөтүлүүсү зарыл. Фонограмманын даярдалган жана изилдөөгө берилген көчүрмөсү процессуалдык түрдө күбөлөндүрүлүп, далил буюм катары ишке тиркелүүгө тийиш.

Лингвистикалык экспертизага оозеки текст берилген учурда анын стенограммасы жетишсиз, фонограмманын түп нускасы же күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү тиркелүүсү абзел.



## 1.5. ЭКСПЕРТТИН ЧЕЧҮҮГӨ ТИЙИШ МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА КОЮЛУУЧУ БОЛЖОЛДУУ СУРООЛОР

Кыргыз Республикасынын Жазык Кодексинин 239, 242, 264.3, 310, 313-беренелеринин жана КРнын “Экстремисттик ишмердүүлүккө каршылык көрсөтүү жөнүндө” Мыйзамынын диспозициясына ылайык, мыйзамсыз кептик аракеттер болуп төмөнкүлөр эсептелет:

***1. Коомдук мүнөздөгү чакырыктар:***

– Кыргыз Республикасынын конституциялык түзүлүшүн күчкө салып, зордук менен өзгөртүүгө жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузууга чакырыктар (КР ЖК 310-беренеси, “Экстремизмге каршылык көрсөтүү жөнүндө” Мыйзам);

– бийликти күч менен басып алууга же күч колдонуп кармап турууга, ошого тете конституциялык түзүлүштү күч колдонуп өзгөртүүгө ачык чакырыктар (КР ЖК 310-беренеси, “Экстремизмге каршылык көрсөтүү жөнүндө” Мыйзам);

– массалык баш аламандыкка же жарандарга карата зордук-зомбулукка чакырыктар (КР ЖК 264.3-беренеси);

– террордук ишти жүзөгө ашырууга ачык чакырыктар же терроризмди ачык актоо (КР ЖК 242-беренеси);.

– расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутууга чакырыктар (КР ЖК 313-беренеси);

– жарандардын расалык, диний, этностук, улуттук же аймактык тиешелүүлүк белгилери боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо (КР ЖК 313-беренеси);

– адамдын жана жарандын расалык, диний, этностук, улуттук же аймактык тиешелүүлүк белгилери боюнча анын укуктарын, эркиндиктерин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын бузууга.

***2. Террордук ишти жүзөгө ашырууга ачык чакырыктар жана терроризмди ачык актоо (КР ЖК 242-беренеси).***

***3. Улуттук жана (же) расалык артыкчылыкты негиздөө же актоо ("Экстремизмге каршылык көрсөтүү жөнүндө" Мыйзам)***

***4. Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу (КР ЖК 313, 314-беренелери). "Экстремизмге каршылык көрсөтүү жөнүндө" Мыйзам "социалдык араздашуу" түшүнүгүн камтыйт, бирок социалдык топторду аныктоо лингвисттин да, психологдун да компетенциясына кирбейт. Социалдык топту аныктоо үчүн социолог же политолог экспертке кайрылуу абзел.***

***5. Жарандардын расалык, диний, этностук, улуттук же аймактык тиешелүүлүк белгилери боюнча бөтөнчөлүгүн, артыкчылыгын же начардыгын пропагандалоо (КР ЖК 313-беренеси, "Экстремизмге каршылык көрсөтүү жөнүндө" Мыйзам).***

***6. Терроризм актысын жасайм деп коркутуу (КР ЖК 239-беренеси)***

***7. Улуттук ар-намысты басынтуу ("Экстремизмге каршылык көрсөтүү жөнүндө" Мыйзам).***

» Демек, субъекттин сөз ишмердүүлүгүнүн продуктусу катары укуктук баа берилүүгө тийиш талаштуу текстин юридикалык мааниге ээ төмөнкүдөй негизги өзгөчөлүктөрү бар:

1) автордун текстти түзүүгө арналган ишмердүүлүгүнүн *максаттуулугу*, көздөгөн багыты, белгилүү бир ойду камтышы. Анткени авторлор "мыйзамга каршы" тексттерди керектүү пикир жаратуу, ынандыруу, көңүл бурдуруу, аудиториянын жүрүм-турумуна, кыймыл-аракетине, кайсыл бир окуяга, кырдаалга же маселеге мамилесин калыптандыруу максатында айтат же коомчулукка жарыялайт. Текстин *максатын* (аракеттин максатын эмес) *аныктоо* психологиялык же психологиялык-лингвистикалык изил-

дөөнүн милдети, ал эми кептик аракеттин *мотивин аныктоо* эксперттердин компетенциясына кирбейт жана тергөө же сот органдарынын гана компетенциясына кирет;

2) кептик аракеттин *коомдук мүнөзү*;

3) текстте белгилүү бир аракеттерге *чакырыктардын, үндөөлөрдүн* болушу;

4) текстте динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), тилге же аймактык тиешелүүлүгү жагынан жарандардын *өзгөчөлүгү, артыкчылыгы же кемдиги жөнүндө пропаганданын* болушу;

5) текстте *зордук-зомбулук аракеттерди* (экстремисттик же террористтик ишмердүүлүктү) *актаган* же *негиздеген маанинин* камтылышы;

6) кептик аракеттин (тексттин) расалык, улуттук (этностор аралык) же диний *жек көрүүнү, араздашууларды, кастыкты козутууга,* ошондой эле күч колдонууга же күч колдонууну үгүттөө менен байланышкан социалдык *араздашууларды козутууга улуттук ар-намысты кемсинтүүгө багытталышы*.[9]

» **Көрсөтүлгөн негиздемелерге ылайык эксперттердин чечүүсүнө коюла турган суроолор төмөнкүлөр болушу мүмкүн:**

КР ЖК 239-беренеси «Терроризм актысы»:

1. Текстте (оозеки кепте же жазуу жүзүндөгү) күч колдонуу же зордук-зомбулук менен *коркутуунун* лингвистикалык же психологиялык белгилери барбы?

КР ЖК 242-беренеси «Террордук ишти жүзөгө ашырууга ачык чакырыктар»:

1. Тексте террордук ишти жүзөгө ашырууга *ачык чакырыктар формасында түртkү берген аракеттердин* лингвистикалык же психологиялык белгилери камтылганбы? Эгер болсо, автор кандай аракеттерге түрткүлөйт?

2. Текстте зордук-зомбулукту жана/же кыйраткыч аракеттерди *ачык актоонун* лингвистикалык же психологиялык белгилери камтылганбы?

КР ЖК 310-беренеси «Бийликти күч менен басып алууга ачык чакырыктар»:

1. Текстте бийликти күч менен басып алууга, бийликти алыш үчүн күч колдонууга *ачык чакырыктар формасында түртkү берген аракеттердин* лингвистикалык же психологиялык белгилери камтылганбы? Эгер болсо, автор кандай аракеттерге түрткүлөйт

КР ЖК 313-беренеси «Расалык, этностук, улуттук, диний же региондор ортосундагы кастыкты (араздашууну) козутуу»:

[9] Кукушкина О.В., Сафонова Ю.А., Секераж Т.Н. Методика проведения судебной психолого-лингвистической экспертизы материалов по делам, связанным с противодействием экстремизму и терроризму. / Федеральное бюджетное учреждение Российский федеральный центр судебной экспертизы при Министерстве юстиции Российской Федерации. М.: ФБУ РФЦСЭ при Минюсте России, 2014. 107-б.

1. Текстте расалык, этностук, улуттук, диний же региондук белгилер боюнча айырмаланган жарандарга же топко каршы аракеттерге (анын ичинде зордукчул) *түртку берүүнүн* (анын ичинде *чакырыктар формасында*) лингвистикалык же психологиялык (диний) белгилери камтылганбы?

2. Текстте динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), тилге же аймактык тиешелүүлүгү жагынан жарандардын *өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоонун* лингвистикалык же психологиялык белгилери камтылганбы?

3. Текстте динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), диний, тилге же аймактык тиешелүүлүгү жагынан жарандардын *өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин негиздөөнүн* лингвистикалык (диний) же психологиялык белгилери камтылганбы?

4. Текстте расалык, этностук, улуттук, диний же региондук белгилер боюнча айырмаланган жарандарга же топко каршы (анын ичинде зордукчул) аракеттерди *негиздөөнүн* (анын ичинде *чакырыктар формасында*) лингвистикалык же психологиялык (диний) белгилери камтылганбы?

5. Текстте расалык, этностук, улуттук, диний же региондук белгилер боюнча айырмаланган жарандарды же топту *жектөөнүн*, аларды мыйзамсыз аракеттерди жасаган деп *айыптоонун, күнөөлөөнүн* лингвистикалык же психологиялык (диний) белгилери камтылганбы?

6. Текстте расалык, этностук, улуттук, диний же региондук белгилер боюнча айырмаланган жарандарды же топту зордук-зомбулукту колдонуу менен *коркутуунун, куугунтуктоонун* лингвистикалык же психологиялык (диний) белгилери камтылганбы?

7. Текстте расалык, этностук, улуттук, диний же региондук белгилер боюнча айырмаланган жарандарды же топту *кемсинтүүнүн, басынтуунун* лингвистикалык же психологиялык (диний) белгилери камтылганбы?

8. Колдонулган сөз (көркөм) каражаттары расалык, этностук, улуттук, диний же региондук топко же анын өкүлү болгон жеке адамдарга карата *коркутууну, кемсинтүүчү мүнөздөмөлөрдү, терс жана жагымсыз бааны, негативдүү мамилени* билдиреби?

9. Текстте расалык, этностук, улуттук, диний же региондук белгилер боюнча айырмаланган жарандарга же топко *карата араздашууну же кастыкты козутуунун* лингвистикалык, психологиялык (диний) белгилери камтылганбы?

<u>КР ЖК 313-беренеси </u> «Экстремисттик уюмду түзүү»:

1. «...» уюмдун ишмердүүлүгүндө расалык, этностук, улуттук, диний же региондук, аймактык жана социалдык белгилер боюнча айырмаланган жарандарга же топко карата *араздашууну же кастыкты козутуунун* лингвистикалык же психологиялык (диний) белгилери камтылганбы?

2. «...» уюмдун ишмердүүлүгүндө расалык, этностук, улуттук, диний же региондук, аймактык жана социалдык белгилер боюнча жарандарды же топту

*кемсинтүүнүн, басынтуунун, мазактоонун же шылдыңдоонун* лингвистикалык же психологиялык белгилери камтылганбы?

3. «...» уюмдун ишмердүүлүгүндө динге, социалдык, расалык, улуттук (этностук), диний, тилге же аймактык тиешелүүлүгү жагынан жарандардын *өзгөчөлүгүн, артыкчылыгын же кемдигин пропагандалоонун* лингвистикалык, диний жана/же психологиялык белгилери камтылганбы?

» **Дин таануу адистеринин чечүүсүнө коюлуучу типтүү суроолор:**

1. Берилген материал кайсы динге (конфессияга, агымга) таандык? Объектинин тигил же бул динге (агымга, конфессияга) таандык экендигин кайсы белгилер боюнча аныктоого болот?

2. Берилген материалдын жалпы багыты жана негизги мазмуну кандай?

3. Талдоого берилген материалда кайсы диндин (агымдын, конфессиянын) символдору жана атрибуттары бар? Символдордун мааниси эмнеде (кандай)?

4. Материалдар диний мүнөздөбү?

5. Көрсөтүлгөн диний терминдер жана түшүнүктөр берилген текстте кандай мааниде колдонулган?

6. Берилген материал кайсы диний уюмга таандык?

7. Жайылтылуучу текстерде ар кандай конфликттерге шарт түзгөн же кастыкка багытталган ишмердүүлүктүн диний өбөлгөлөрү барбы?

8. Берилген материалдарда адамдын же жарандын динге карата мамилесине же диний көз карашына жараша анын эркиндигин, укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын чектеген белгилер барбы?

9. Берилген материалдарда адамдарды диний көз карашына же ишенимине жараша жарандык милдеттерди аткаруудан баш тартууга түрткү берген же үндөгөн, ынандырган белгилер камтылганбы?

Эксперттин чечүүсүнө коюлган “маани” тууралуу суроолор бир сөздүн, сүйлөмдүн, бүтүн тексттин же тексттердин топтомуна, оозеки же жазма тексти түзүү ишинин; фотография, сүрөт, видеосюжет, интернет-белги (ишарат) сыяктуу визуалдык объектилердин маанисин ачып берүү дегендик. Бардык нерсе айтылган же жазылган тексттин мазмунуна тиешеси бар баардык объектилер талданууга тийиш. Тексттин маңызын, маанисин ачып берүүдө эксперттер ар бир маанини билдирген белгилерди жана каражаттарды көрсөтүүгө тийиш. Имплициттүү (көмүскө, туюк, чыныгы мааниси жашыруун, жабык) тексттердин чыныгы маани-маңызын ачып берүү жана түшүндүрүү лингвисттин жана психологдун эң жогорку компетенциясын талап кылат. Эгер эксперттер корутундуда коммуникативдик кырдаалга жараша чыныгы маанини билдирген белгини же каражатты көрсөтө албаса, анда маанини аныктоо да мүмкүн эмес. “Мани-

пуляциянын ыкмалары", "туюк, жашыруун чакырык", "көмүскө ниет" сыяктуу түшүнүктөр эксперттер тарабынан артында камтылган мааниси ачылмайын, ал маанини билдирген белгилер аныкталбаса, анда мындай бүтүмдөр колдонууга жараксыз, далилсиз жоромолго айланышы ыктымал. Тигил же бул сөздүн же белгинин мааниси далилденбеген учурда, ар кандай корутунду айтылган кепти же жазылган текстти субъективдүү кабылдоонун жараксыз натыйжасы гана болуп эсептелет. Мындай учурда объективдүү изилдөө тууралуу кеп кылууга болбойт.[10]

[10] См. об этом: Кукушкина О.В., Сафонова Ю.А., Секераж Т.Н. Методика проведения судебной психолого-лингвистической экспертизы материалов по делам, связанным с противодействием экстремизму и терроризму. / Федеральное бюджетное учреждение Российский федеральный центр судебной экспертизы при Министерстве юстиции Российской Федерации. М.: ФБУ РФЦСЭ при Минюсте России, 2014. 22-б .

# II. ПСИХОЛОГИЯЛЫК-ЛИНГВИСТИКАЛЫК ЭКСПЕРТИЗАНЫН АЙКЫНДЫГЫ, АНЫКТЫГЫ ЖАНА ИШЕНИМДҮҮЛҮГҮ



## 2.1. ЭКСПЕРТТИН КОМПЕТЕНЦИЯСЫ

» Кыргыз Республикасынын "Соттук-эксперттик иш жөнүндө" Мыйзамы эксперттик ишти жүзөгө ашыруунун негизги жоболорун аныктайт. Мыйзамдын 8-беренесинде ("Изилдөөлөрдүн калыстыгы, ар тараптуулугу жана толуктугу") так жазылган: "*Соттук эксперт изилдөөлөрүн* ***илимий жактан так жана тажрыйбага таянган*** *негизде,* ***тиешелүү адистигинин*** *чектеринде, ар тараптуу жана толук көлөмдө жүргүзүүгө милдеттүү.*

*Соттук эксперттин корутундусу* ***жалпы кабыл алынган илимий жана тажрыйбалык маалыматтардын базасында аларды текшерүүгө мүмкүнчүлүк*** *берген жоболорго негизденүүгө тийиш".*

» Бул өтө маанилүү талап Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик Кодексинде 59-беренесинде («Эксперт») да көрсөтүлгөн:

- *«1. Илим, техника, искусство, кол өнөрчүлүк жагынан атайын билимин пайдалануу менен тергөө же соттук териштирүү жүргүзүүдө пайда болгон маселелерди чечүү жана ушул негизде көрсөтмө берүү үчүн <…> дайындаган, бирок жазык ишине таламдаш болбогон адам эксперт болуп саналат.*

- *2. Эксперттин коюлган маселелер боюнча корутунду чыгаруу үчүн илим, техника, искусство, кол өнөрчүлүк жагынан жетиштүү өлчөмдө атайын билими болууга тийиш».*

Лингвистикалык экспертизаны адабиятчы-филолог эмес, тилчи-лингвист жүргүзүүгө тийиш, анткени адабиятчы-филолог текстти анализдөөнүн башка методдоруна жана ыкмаларына ээ. Психологиялык экспертизаны да клиникалык психолог эмес, социалдык психология боюнча адис жүргүзгөнү туура, себеби маселе экстремисттик маанайдагы тексттин аудиторияга таасири, аны кабыл алуу жана түшүнүүнүн жагдайлары тууралуу.

Ошондой эле теолог менен дин таануучу адисти айырбаштоого болбойт. Объективдүү экспертиза жүргүзүү үчүн илимий методдорду колдонуу менен негиздүү корутунду чыгара ала турган **дин таануучу адис** талап кылынат. Теолог конкреттүү диндеги түшүнүктөрдү жана кубулуштарды өз ишенимине жана өзү ишенген диндин концепциясынан жана позициясынан гана карайт. Теолог тигил же бул диний жобонун акыйкаттыгын же жаңылыштыгын, диний догманын тууралыгын же натууралыгын карай албайт. Ага өз дининин баардык жобосу чындык. Ал эми дин таануучу адис калыс, акыйкат корутунду чыгарууга жөндөмдүү жана милдеттүү, ага илимий объективдүүлүк жана диний бейтараптык принциптерин сактоо зарыл.

Эксперттик корутундуну баалоодо мейли эксперт-лингвист, эксперт-психолог же дин таануучу эксперт болобу, эч кимиси "террорист", "экстремист" жана ушу сыяктуу аныктамаларды бере албай турганын эске алуу зарыл. Соттук экспертиза боюнча адистердин баамында, "эксперттер укуктук түшүнүктөргө негизденип тилге тиешелүү фактыларга баа берген учурлар да жок эмес. Мындай учурларда эксперттик корутунду далил боло албайт, анткени укуктук баа берүү менен эксперт өзүнүн компетенциясынын чегинен чыгып кетет".[11] Соттук эксперттин комптенциясына иш-аракетти юридикалык (укуктук) квалификациялоо, күнөөнү же анын формаларын (атайылап же байкоосуздан жасалган иш, ниеттин түрү), мотивдерин аныктоо, коомдук-саясий идеяларды талдоо, адресатка тийген реалдуу таасирди баалоо кирбейт.

» Ошондуктан **эксперт төмөнкүдөй укуктук суроолорго жооп бере албайт**:

- \- Текст экстремисттик аракеттерге чакырыктарды камтыйбы?

[11] Галяшина Е.И. Судебная экспертиза вербальных проявлений экстремизма: правовые и методические проблемы /"Эксперт-криминалист", 2009, N 2; Галяшина Е.И.Ошибки судебной лингвистической экспертизы / Экспертизы – нерешенный вопрос российского правосудия: пособие для судей, а также начинающих юристов, и правозащитников» - М.,2013. 33-б.

- Текст террористтик аракеттерге чакырыктарды камтыйбы?

Эксперт **төмөнкүлөрдү аныктай албайт**:

- чакырыкта конституциялык түзүлүштү күч менен өзгөртүүгө жана мамлекеттин бүтүндүгүн бузууга негиз болуучу директива (көрсөтмө) барбы?

- чакырыктар адамдын улутуна, расасына, динине, социалдык абалына, аймагына жараша анын укугун бузууга, эркиндигин чектөөгө алып келеби?

- айтым экстремисттик аракетке чакырык болуп эсептелеби?

Бул суроолордун баары укуктук чөйрөгө таандык. Тигил же бул чакырык өлкөнүн конституциялык түзүлүшүн күч менен өзгөртүүгө же жарандарды улутуна же динине жараша куугунтуктоого багытталган аракеттерге жол ачабы деген суроолор юридикалык баага муктаж.

Адамдын чыныгы, түпкү ниетин аныктоо да лингвистин компетенциясына кирбейт, анткени ниет жасалган иштин атайылап жасалгандыгы тууралуу ой-максатка байланыштуу. Бул жагдай да күнөөнү аныктоого байланышкан юридикалык маселе.

Дин таануу боюнча экспертизада агымдарга, конфессияларга же диний кубулуштарга, жөрөлгөлөргө, ырым-жырымдарга, диний уюмдарга карата кабыл алынган илимий терминдерди жана түшүнүктөрдү гана колдонуу зарыл. Ал эми публицистикалык штапмтарды, каймана аныктамаларды, көркөм салыштырмаларды, журналисттик лакаптарды колдонууга жарабайт. Экспертизанын тексттинде конфессиясына карабастан ар бир динге ишенген адамдын диний сезимдерин басынткан же диний көз караштарын кемсинткен, арданткан аныктамалар, сөздөр жана салыштыруулар, ар кандай фразеологизмдер жана эмоционалдуу-экспрессивдүү каражаттар болбоого тийиш. Дин таануу боюнча экспертизанын корутундусунда “тоталитардык секта”, “деструктивдүү культ” деген түшүнүктөрдү колдонуу диний агым же уюм тууралуу акыйкат жана квалификациялуу изилдөөнүн негизги шарттарынан – объективдүүлүктөн жана калыстыктан таюу дегенди билдирет.[12] “Деструктивдүү культ” деген түшүнүк диний феномендин маңызын чагылдырбайт: биринчиден, эч бир культту танаыбаган жигердүү диний агымдар жана конфессиялар тарыхта болгон жана азыр да кездешет, экинчиден, кыйратууга багыттамаларга караганда, жаратууга багытталган аракеттер динде көп кездешет. Бирок, тескерисинче эмнени жаратууга багытталгандыгы жана кандай аракеттер башка маселе. Андан тышкары “секта” деген сөз азыркы кезде терс маанайда кабыл алынат жана кемсинтүүчү мааниге ээ катары калыптанган түшүнүк.

Ички жана тышкы анализдин жүрүшүндө экстремисттик жана террористтик уюмдар өз аракеттерин актоого аргумент катары ар кандай тарыхый мезгилде жаралган диний тексттерге (жазууларга, аңыздарга, баяндарга) таянышат. Диний тексттер жаралган мезгилде белгилүү бир максатта, кырдаалга

[12] Загребина И.В., Пчелинцев А.В., Элбакян Е.С. Религиоведческая экспертиза: учебник для бакалавриата и магистратуры. – М.: Юрайт, 2017. 138-б.

жараша, тиешелүү аудиторияга арналгандыктан, эксперт тигил же бул диний материалдын мазмунундагы экстремисттик маанини аныктоодо өтө кылдат болууга тийиш. Дал ошондуктан Куран, Эски жана Жаңы Осуят, Бхагават-Гита сыяктуу, дүйнөлүк диндер жана философиялык окуулар үчүн ыйык деп эсептелинген жазма адабияттар, байыркы диндерге жана  окууларга байланыштуу көөнө китептер же алардан үзүндүлөр соттук экспертизанын объектиси болбойт. Алардын кийинки, заманбап комментарийлеринин жөнү башка.


Ошентип, жогоруда айтылгандай эксперт лингвист тексттин автору кандай аракеттерге чакырып, үндөп же кандай аракеттерди актап жатканын аныктай алат, бирок ал чакырыктарга укуктук баа бере албайт. Дал ошондой эле, тигил же бул текст адресатка таасир эте алабы же жокпу, аудиторияга канчалык деңгээлде таасирин тийгизет деген сыяктуу суроолордун лингвист же дин таануучуга берилгени натуура.[13]

Ушуга байланыштуу да бир ирет белгилей кетчү нерсе – бул экспертизанын мыйзамдагы аныктамасы. Кыргыз Республикасынын “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” Мыйзамынын 2-беренесине ылайык, Соттук эксперттин корутундусу - коюлган маселелер боюнча илимий негизделген тыянактар баяндалган жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жол-жоболоштурулган процесстик документ жана далилдин түрү. < …> Соттук эксперттин квалификациясы - соттук экспертизанын белгилүү түрүн жүргүзүү үчүн соттук экспертте зарыл билимдин, иш билгиликтин, кесиптик көндүмдөрдүн жана тажрыйбанын болушу. < …> Соттук эксперттин адистиги - белгилүү бир билимге жана атайын эксперттик даярдыкка ээ адам тарабынан экспертиза объекттеринин белгилүү бир жаатын, түрүн жана түркүмүн изилдөө көндүмдөрүнө (предметтик адистешүү) же ушул экспертизанын объекттерин изилдөө ыкмаларын колдонуу көндүмдөрүнө (ыкмалык адистешүү) ээ болуу процесси жана натыйжасы”.

Мыйзамдын 8-беренесинде (“Изилдөөлөрдүн калыстыгы, ар тараптуулугу жана толуктугу”) “Соттук эксперт изилдөөлөрүн илимий жактан так жана тажрыйбага таянган негизде, тиешелүү адистигинин чектеринде, ар тараптуу жана толук көлөмдө жүргүзүүгө милдеттүү.

Соттук эксперттин корутундусу жалпы кабыл алынган илимий жана тажрыйбалык маалыматтардын базасында аларды текшерүүгө мүмкүнчүлүк берген жоболорго негизденүүгө тийиш” деп белгиленген.

[13] Кукушкина О.В., Сафонова Ю.А., Секераж Т.Н. Методика проведения судебной психолого-лингвистической экспертизы материалов по делам, связанным с противодействием экстремизму и терроризму. / ФБУ РФ ЦСЭ при Министерстве юстиции Российской Федерации. М., 2014, с.17-18.



## 2.2. ЭКСПЕРТИЗАНЫ ЖОЛ-ЖОБОЛОШТУРУУГА ТАЛАПТАР

Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик Кодексинин 186-беренеси жана Кыргыз Республикасынын "Соттук-эксперттик иш жөнүндө" Мыйзамына ылайык, эксперттин корутундусу үч бөлүктөн – киришүү, изилдөө бөлүгү жана берилген суроолорго карата тыянактан турат.

» Корутундунун кириш бөлүгүндө төмөнкүдөй зарыл маалыматтар камтылат:

1) экспертиза жүргүзүлгөн убакыт жана орду;

2) экспертиза жүргүзүүнүн негизи;

3) экспертиза дайындаган кызмат адамы;

4) соттук экспертиза дайындалган эксперттик уюм жана эксперт (эксперттер) тууралуу маалыматтар. Бул маалыматтарга эксперттин ээлеген кызматы, билими, адистиги, илимий даражасы жана наамдары, адистиги боюнча иш стажысы, анын ичинде эксперттик иш тажрыйбасы тууралуу маалыматтар кирет;

5) эксперттин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган укуктары жана милдеттери менен тааныштыгы жана билип туруп жалган корутунду бергендиги үчүн жоопкерчилиги тууралуу эскертилгендиги жөнүндө кол тамгасы;

6) экспертке же эксперттердин комиссиясынын чечүүсүнө берилген суроолор;

7) изилдөөнүн объектилери (алардын абалы, таңгакталышы, мөөр басылгандыгы), экспертиза жүргүзүүгө берилген материалдар жана эксперименталдык үлгүлөр;

8) экспертиза жүргүзүү учурунда катышкан адамдар тууралуу маалымдар.

Киришүү бөлүгүндө изилдөөнүн методдору, экспертиза убагында колдонулган илимий булактар жана методикалык колдонмолор, нускамалар көрсөтүлүүгө тийиш.

Изилдөө бөлүгүндө ар бир коюлган суроо боюнча талдоонун жүрүшү, эксперт тарабынан методикага негизделип аныкталган жагдайлар жана алар боюнча түшүндүрмөлөр баяндалат.

Тыянакта жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары, берилген ар бир суроого жараша экспертизанын натыйжалары баяндалат. Эгер экспертиза жүргүзүүдө эксперт ишке тиешеси бар, бирок ал боюнча суроо берилбеген жагдайды аныктаса, эксперт аны изилдеп, ал тууралуу тиешелүү баасын өз корутундусунда чагылдырууга акылуу.

Комплекстүү экспертиза жүргүзүүгө талаптар Жазык-процесстик Кодексинин 181-беренесинде белгиленген.

1. Комплекстүү экспертиза иликтөөлөрдү жүргүзүү илимдин ар кандай тармактарын таанып билүү зарыл болгон учурларда белгиленет. Ал ар кандай адистиктеги эксперттер тарабынан өз компетенциясынын чектеринде жүргүзүлөт.

2. Комплекстүү экспертизанын корутундусунда ар бир эксперт кандай иликтөөлөрдү канча көлөмдө жүргүзгөндүгү жана кандай тыянактарга келгендиги көрсөтүлүүгө тийиш. Ар бир эксперт корутундунун өзүнүн иликтөөлөрү жана жалпы тыянак камтылган бөлүгүнө кол коет.

3. Эксперттердин ар бир жүргүзгөн изилдөөнүн натыйжасында жалпы тыянак чыгарылат. Корутундуга экспертизага катышкан ар бир эксперт кол коет. Ал эми эксперттердин ортосунда пикир келишпестиктер чыккан учурда алардын ар бири же эксперттердин бир бөлүгү өзүнчө корутунду берет, же болбосо өзүнүн пикири көпчүлүк эксперттер менен ылайык келбеген эксперт өзүнүн пикирин корутундуда өзүнчө жол-жоболоштуруп берет.



## 2.3. ЭКСПЕРТИЗА ДАЙЫНДООДОГУ МҮНӨЗДҮҮ КАТАЛАР

Экспертиза дайындоодогу типтүү каталар шарттуу эки түргө бөлүнөт:

- формалдуу каталар;

- предметтик каталар.

Формалдуу каталарга тергөө же сот органдары тарабынан экспертиза дайындоо тууралуу токтомдо/аныктамада кетирилген каталар кирет. Мисалы:

1) эксперттик мекеменин аталышы. Бул ката материалды аткаруусуз кайтарууга негиз болот. Экспертиза жүргүзүлүп, аткарылган күндө деле бул корутундуну далил катары баалоодо ишке катышкан жактар тараптан суроо жаралышы ыктымал.

2) экспертизанын натуура классификацияланышы. Экспертизанын бир түрү боюнча экспертиза дайындалып, ал эми коюлган суроолор башка, тергөөчү же сот окшош деп эсептеген экспертиза чече ала турган суроо коюлган учурлар кездешет. Дин таануучу экспертке маданият тармагы боюнча суроолор коюлат, же лингвисттин чечүүсүнө политология боюнча суроолор берилген учурлар бар.

Азыркы учурда экспертизанын бир нече классификациясы бар. Алардын ичинен предметке, объектиге жана милдетке жараша классификация эң кеңири таралган жана практикалык жактан көп колдонулат.

Ошондуктан тергөө же сот органдары экспертиза дайындоодо экспертизанын жаңы түрлөрүн ойлоп таппастан (мисалы, теологиялык-лингвистикалык же социологиялык-лингвистикалык) же экспертизанын түрлөрүн ыксыз кошо бергендин ордуна (лингвист чече турган суроого политологиялык, маданият таануу же психологиялык экспертизанын зарылчылыгы жок болсо деле кошуу) классификациянын ушул түрүн колдонгону туура.

3) экспертизанын укуктук статусун натуура баалоо.

Мыйзамда кайсы учурларда кайталанма, кошумча, комиссиялык жана комплекстүү экспертиза дайындалаары даана жазылган. Тилекке каршы, практикада бир түрдүү экспертизага муктаж объектиге комплекстүү же тескерисинче, бир нече адистикти талап кылган учурларда бир түрдүү экспертиза дайындалган учурлар да кездешет. Ал тургай баштапкы экспертиза болсо деле, кошумча, кайталанма жана комплекстүү комиссиялык экспертиза дайындалган учурлар да болот.

Предметтик (кээде аларды процессуалдык деп да аташат) каталарга соттук экспертизанын предметине жана мазмунуна байланыштуу жаңылыштыктар кирет. Мындай каталар көбүн эсе туура эмес берилген суроолор болуп эсептелет. Экспертиза дайындоочу кызмат адамы тараптар сунуш кылган суроолордун баарын эксперттин чечүүсүнө койгону негизинен туура эмес. Ал аныктоого тийиш маселелерди гана экспертизага берүүсү зарыл. Андан тышкары, экспертке берилген суроону конкреттештирүү максатка ылайыктуу.

Процессуалдык каталарга төмөнкүлөр кирет:

1. Эксперттин компетенциясына кирбеген суроолорду берүү;

2. Эксперттик демилгеге таянып, ишке тиешеси бар, бирок берилген материалга тиркелбеген кошумча материалдарды жана фактыларды өз бетинче изилдөөдө пайдалануу;

3. Экспертизага берилген материалдардын каралып жаткан иштеги материалдар менен дал келбестиги;

4. Экспертке анын укуктары менен милдеттерин жана жоопкерчилигин эскертпөө.

Процессуалдык каталарга экспертизаны дайындоодо алардын түрүн жана тибин алмаштырып жазуу кирет (мисалы, токтомдун/аныктаманын аталышында жана баяндоо (констатациялоочу) бөлүгүндө комплекстүү психологиялык-лингвистикалык экспертиза дайындоо деп, ал эми токтом кылуучу (резолютивдик) бөлүгүндө комиссиялык лингвистикалык экспертиза дайындоо).[14]

Ошол эле учурда төмөнкү жагдайларга айрыкча көңүл бөлүү зарыл:

а) эксперттин чечүүсүнө коюлган суроолор аныкталуучу фактыны даана көрсөтүүгө, эки ача, кош мааниге ээ эмес болууга жана эксперттин компетенциясынан чыкпоого тийиш;

б) токтомдо/аныктамада материалдардын аныктыгына шек келбеш үчүн экспертизанын объектисинин жекече же идентификациялык белгилери, сыпаттамасы жана таңгакталышы көрсөтүлүшү зарыл;

в) эгер экспертиза эксперттик эмес мекемеде өткөрүлсө, анда эксперттин компетенттүүлүгү жана аны четке кагууга (баш тартууга) негиздер жок экендиги алдын ала аныкталууга тийиш. Бул жагдай экспертиза дайындоо жөнүндөгү токтомдо чагылдырылышы керек.

» Эксперттин компетенциясына кирбеген суроолор:

- кыймыл-аракетке укуктук баа берүү менен байланышкан (мисалы, “укугу бар беле”, “анын иш-аракети мыйзамдуубу” ж.б.у.с.) суроолор. Эксперттин чечүүсүнө тергөө жана сот органдарынын компетенциясына кирген (мисалы, “тигил же бул адам экстремисттик аракет кылдыбы”, “анын жиберген тексти массалык баш аламандыкка негиз боло алабы?”) суроолорго жол берилбейт.

- эксперттин адистигине шайкеш келбеген же компетенциясынан тыш суроолор (мисалы лингвистке психология боюнча суроолор).

Ошентип, экспертизаны дайындоо жоопкерчиликтүү мамилени, изилдөөнүн предметин туура аныктоо жана негиздүү токтом (аныктама) жазуу үчүн кылмыш ишинин материалдарын кылдат окууну талап кылат. Экспертиза жүргүзүүнүн олуттуу проблемаларынын катарына методикалык ыкмаларга, илимий аппаратка, эксперттердин компетенциясынын чегине байланыштуу көйгөйлөр кирет. Ушул айтылгандар эске алынганда гана эксперттик корутунду айкындык, аныктык жана ишенимдүүлүк талаптарына жооп берип, жыйынтыгы кылмыш ишинин адилеттүү каралышына жетиштүү өбөлгө түзүлмөкчү.

[14] См. об этом: Судебная экспертиза: типичные ошибки /под ред. Е.Р. Россинской. - М.:Проспект, 2012.



# АДАБИЯТТАР


- 1. Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик Кодекси (*2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген*).
- 2. Кыргыз Республикасынын Жазык Кодекси (*2019-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирген*).
- 3. Кыргыз Республикасынын “Соттук-эксперттик иш жөнүндө” 2024-жылдын 24-июнундагы № 100 Мыйзамы.
- 4. Кыргыз Республикасынын «Экстремисттик аракеттерге каршылык көрсөтүү жөнүндө» 2005-жылдын 17-августундагы № 150 Мыйзамы.
- 5. Баранов А.Н. Лингвистическая экспертиза текста - М., 2007.
- 6. Бельчиков Ю.А., Горбаневский М.В., Жарков И.В. Методические материалы по вопросам лингвистической экспертизы спорных текстов СМИ - М.,2010.
- 7. Бринев К.И. Справочник по судебной лингвистической экспертизе – М.:Либерком, 2012.
- 8. Галяшина Е.И. Лингвистика экстремизма. В помощь судьям, следователям, экспертам.- М., 2006.
- 9. Загребина И.В., Пчелинцев А.В., Элбакян Е.С. Религиоведческая экспертиза: учебник для бакалавриата и магистратуры. – М.: Юрайт, 2017.
- 10. Кантеров И.Я. Экспертные советы как субъекты конфессиональной политики //Религия и право. 2004. №1.
- 11. Кукушкина О.В., Сафонова Ю.А., Секераж Т.Н. Методика проведения судебной психолого-лингвистической экспертизы материалов по делам, связанным с противодействием экстремизму и терроризму. М.: РФЦСЭ при Минюсте России, 2014.
- 12. Кукушкина О. В., Сафонова Ю. А., Секераж Т. Н. Теоретические и методические основы судебной психолого-лингвистической экспертизы текстов по делам, связанным с противодействием экстремизму. – 2011.
- 13. Лисовцева В.М., Петрова Л.Г. Экспертиза текста: психологический и лингвистический аспекты //Эксперт-криминалист. 2014. № 3.
- 14. Лингвистическое исследование текстов для выявления в них призывов к осуществлению экстремистской деятельности. Методические рекоменда-

ции по интерпретации смысла призывов (типовая методика). / Под ред. Л.П. Крысина. М., 2008.

- 15. Методическое руководство по проведению религиоведческой и комплексной судебной психолого-лингвистической экспертизы в Кыргызской Республике//Государственный центр судебных экспертиз при Министерстве юстиции Кыргызской Республики.- Бишкек, 2017

- 16. Психолингвистическая экспертиза ксенофобии в средствах массовой информации: Методические рекомендации для работников правоохранительных органов. – М.: Смысл, 2003.

- 17. Секераж Т. Н. Актуальные вопросы психологического исследования материалов по делам, связанным с проявлениями экстремизма // Психология и право. – 2014. Т. 2014. – №. 4.

- 18. Стернин И.А. Выявление признаков возбуждения расовой и национальной вражды в лингвистической экспертизе текста. Методическое пособие.- Воронеж: Гарант. 2010.

- 19. Судебная экспертиза: типичные ошибки /под ред. Е.Р. Россинской. - М.:Проспект, 2012.

- 20. Экспертные исследования по делам о признании информационных материалов экстремистскими: теоретические основания и методическое руководство/ Кузнецов С.А., Оленников С.М. -М.,2014.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНӨ КАРАШТУУ
МАМЛЕКЕТТИК СОТТУК ЭКСПЕРТТИК КЫЗМАТЫ
Лингвистикалык, дин таануу жана психологиялык
экспертизалар бөлүмү

Экстремизмге жана терроризмге байланыштуу иштерде соттук экспертизаларды дайындоонун жана жүргүзүүнүн маселелери боюнча укук коргоо жана сот органдарынын кызматкерлери үчүн

# КОЛДОНМО

Бишкек 2021